# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 15-январы № 2*

## Бишкек шаарынын мэриясынын иш-аракеттеринин айрым маселелери жөнүндө

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 14-февралындагы № 25, 2022-жылдын 5-апрелиндеги № 48 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

Бишкек шаарынын мэриясынын иш-аракеттерин жана түзүмүн оптималдаштыруу максатында, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43 жана 44-беренесине, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92 жана 93-статьяларына ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун "Бишкек шаарынын мэриясынын иш-аракеттеринин айрым маселелери жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2021-жылдын 9-декабрындагы № МИ07-10/1582 маалым катын эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы" мекемеси ага "Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгы" мекемесин кошуу жолу менен кайра түзүлсүн жана ал "Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясы" мекемеси деп кайра аталсын.

2. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясы жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын түзүмү 3-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын штаттык саны 4-тиркемеге ылайык.

3. Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын түз баш ийүүсүнө "Жол сыноо лабораториясы" муниципалдык ишканасы өткөрүп бериле тургандыгы белгиленсин.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясы белгиленген тартипте:

- өткөрүп берүү актыларын Бишкек шаарынын мэриясынын бекитүүсүнө киргизсин;

- юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;

- "Жол сыноо лабораториясы" муниципалдык ишканасынын уставынын, түзүмүнүн жана штаттык санынын долбоорлорун иштеп чыксын жана Бишкек шаарынын мэриясына бекитүүгө киргизсин;

- ушул токтомдон келип чыккан башка чараларды кабыл алсын.

5. Ушул токтом менен анда көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн берилген документтердеги маалыматтар анык жана мыйзам менен белгиленген учурда юридикалык жактарды кайра каттоо маселеси тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

6. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Бишкек шаарынын мэриясынын 2015-жылдын 18-июнундагы № 101 "Бишкек шаарынын мэриясынын "Санитардык-экологиялык инспекциясы" мекемеси жөнүндө" токтому;

2) Бишкек шаарынын мэриясынын 2016-жылдын 20-майындагы № 65 "Бишкек шаарынын мэриясынын Санитардык-экологиялык инспекциясы жөнүндө" токтому;

3) Бишкек шаарынын мэриясынын 2016-жылдын 28-июлундагы № 88 "Бишкек шаарынын мэриясынын "Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгы" мекемесинин Жобосун бекитүү жөнүндө" токтому;

4) Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 4-февралындагы № 29 "Бишкек шаарынын мэриясынын башкармалыктарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун 7-пунктчасы.

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 2 токтомуна
2-тиркеме

**Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын**
**БАШКАРУУ СХЕМАСЫ**




**Вице-мэр** **А.Узаков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 2 токтомуна
3-тиркеме

**Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын**
**ТҮЗҮМҮ**




**Вице-мэр** **А.Узаков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 2 токтомуна
4-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын ШТАТТЫК САНЫ

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 5-апрелиндеги № 48 токтомунун редакциясына ылайык)*

| № | Кызмат орундардын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилик** | | |
| 1 | Начальник | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Начальниктин орун басары | 2 |
| **Итого:** | | **3** |
| **2. Ленин администрациялык району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 4 |
| **Жыйынтыгы:** | | **12** |
| **3. Октябрь администрациялык району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 3 |
| **Жыйынтыгы:** | | **12** |
| **4. Биринчи май администрациялык району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **10** |
| **5. Свердлов администрациялык району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **10** |
| **6. Укуктук камсыздоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **7. Кадрдык жана документтик камсыздоо сектору** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **8. Мониторинг, талдоо жана отчёттуулук бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| | **9. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Бухгалтер | 1 |
| 3 | Материалдык бухгалтер | 1 |
| 4 | Катчы | 1 |
| 5 | Архивариус | 1 |
| 6 | Көчүрүүчү-көбөйтүүчү техниканын оператору | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| | **10. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | |
| 1 | Кызматтык автомобилдин айдоочусу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 1 |
| 3 | Короо тазалоочу | 1 |
| 4 | Кароолчу | 4 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7** |
| **Бардыгы:** | | **72** |